| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- | --- |

VIII чакырылышындагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин кезектеги VI сессиясынын жыйынынын

# Т О К Т О М У

2025-жылдын 10 - октябры, № 6/4 Ылай-Талаа айылы

**Жергиликтүү маанидеги китепканалардын ишин уюштуруу жана камсыз кылуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 – "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27-беренесинин 1-пунктунун 14-пунктчасына ылайык Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 26.09.2025-жылдагы № 01-19/653 сунуш катынын негизинде Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагына караштуу Сай айылындагы № 5 Сай китепканасынын имараты эскилиги жетип китепкана фондун талаптагыдай сактоого мүмкүн болбой калгандыгына жана бул китепкана жоюла турган китепканалар катары сунушталганына байланыштуу өздүк китеп фондун М.Баатыров атындагы орто мектебинин атайын бир бөлмөсүнө сактоого алуу менен китепкананын өзүн жоюуга макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун 1-пунктунан келип чыгуучу маселелер боюнча тиешелүү жумуштарды алып баруу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевге милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартиби, маданият, билим берүү, саламаттыкты сактоо, кеңештердин иштери, депутаттык этика, коомдук уюмдардын, саясий партиялардын жана дин иштери боюнча туруктуу комиссиясына (төрагасы О.Абдимажит уулу) тапшырылсын.

**Төрага** **А.Мойдунов**